**Тажибаева Жаркын Кадыркуловнанын «Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп -үйрөтүүнүн илимий методикалык негиздери» деген темадагы кандидаттык 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабияты) адистиги боюнча педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазган диссертациялык ишине**

## РАСМИЙ ОППОНЕНТТИН ПИКИРИ:

Мезгил өткөн сайын методикалык-теориялык илимдердин мазмуну өзгөрүп, илимий таанып-билүүнүн методдору өркүндөдү. Мындай өзгөрүүлөр билим берүүнүн бардык баскычтарында инсанга багыттап окутуу проблемасын койду. Мына ушундай шартта өрнөктүү каармандардын үлгүсүндө, тактап айтканда, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы оң каармандар аркылуу чагылдырылган адамгерчилик-атуулдук сапаттарга тарбиялоо өзгөчө мааниге ээ. Биз пикир айтып жаткан эмгектин актуалдуулугу мына ошол бөксөлүктү толтуруу менен, конкреттүү алып караганда, Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп - үйрөтүүнүн илимий методикалык системасын ыраатуу жана окутуунун заманбап технологияларына ылайыктап аткаргандыгы менен бааланат.

Изилдөө иши теманын актуалдуулугу, изилдөөнүн максат-милдеттери, илимий-теориялык жаңылыгы, практикалык мааниси, коргоого коюлуучу негизги жоболор, иштин апробациясы ж.б. тууралуу маалыматтарды толук берген. Иш киришүүдөн, үч главадан, главалар боюнча берилген корутундулардан, жалпы корутунду менен сунуштардан жана колдонулган адабияттардын тизмесинен турат.

Биринчи глава «Инсандын белгилери аны адабият сабагында окуп үйрөнүүнүн, калыптандыруунун негиздери жана Ч Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарынын чагылдырылышы» деп аталып, анда инсан жана аны калыптандыруунун теориялык негиздери

каралган. Мектептерде окулуучу жазуучунун чыгармаларындагы каармандардын үлгү сапаттарын өзгөчө басым менен окутууга анализ жасалып, талдоо жүргүзүлгөн. «Саманчынын жолу» повестиндеги каармандар Толгонай, Майсалбектин (31-32-бб.), «Биринчи мугалим» повестиндеги Алтынай менен Дүйшөндүн (33-б.), «Бетме-бет» повестиндеги Сейденин (33-б.), «Жамийла» повестиндеги Данияр менен Жамийланын (34-б.) «Ак кеме» повестиндеги Момун чал менен баланын (37-б.), «Делбирим» повестиндеги Иляз менен Аселдин (38-б.) образдарын ачуу үчүн кластер жана диаграмма түзүүнүн үлгүсү ыктуу пайдаланылган. Ушул главада изилдөөчү тарабынан тексттеги каармандардын образын ачууда окуучулар ээ болууга тийиш компетенциялар сунушталган. Алар: тексттин атын, темасын, сюжетин, мазмунун, идеясын, коюлуп жаткан проблеманы, стилин талдап түшүнүү, тектти окугандан кийин анын тарбиялык маанисин ачып берүү, каармандардын кылык жоруктарын мүнөздөө, каармандардын образдарын көрктүү окуу, каалоосуна жараша пикир жазуу, каармандардын сүрөттөрүн элестетип дил баян жазуу (38-б.).

«Ч.Айтматовдун повесттериндеги каармандардын инсандык сапаттары аркылуу окуучуларды үлгү сапаттарга калыптандыруу жана аларды окуп үйрөнүүнүн методдору» деп аталган экинчи главада темага байланыштуу Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы каармандардын инсандык сапаттарын окутуу эволюциясы жана окутуунун методикасы каралып, чыгармалардыгы каармандардын үлгү болуучу сапаттарды интерактивдүү жана салттуу усулдарды байланыштырып окутуунун каражаттары сунуш этилген.

Ч.Айтматовдун «Бетме-бет» (47-б.), «Биринчи мугалим» (58-б.), «Саманчынын жолу» (60-б.), «Гүлсарат» (71-б.), «Делбирим» (77-б.) чыгармаларын интерактивдүү усулдар (акыл чабуулу, синквейн түзүү, сынчыл ойлом стратегиясы, топ менен иштөө, Венндин диаграммасын түзүү ж.б.) менен үйрөтүү боюнча методикалык сунуштары илимий жаңылыгы жана практикага жакындыгы менен белгиленүүгө татыктуу.

Ушул эле главада окуучуларды үлгү сапатка калыптандыруунун модели (84-б.) жана окутуунун технологиялары (90-б.) аныкталып, Ч.Айтматовдун «Атадан калган туяк» (92-б.) аңгемесин, «Кылым карытар бир күн» (94-б.), «Кыямат» (102-б.) романдарын окуучуларга үйрөтүү процессинде мугалимдер жетекчиликке алууга тийиш болгон методикалык ыкмаларды жана жолдорду сунуштаган.

Үчүнчү глава «Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсандык сапаттардын мисалында окутууну калыптандыруунун моделин жүзөгө ашыруу боюнча жүргүзүлгөн эксперимент» деп аталып, анда эксперименттин уюштурулушу, жүрүшү жана жыйынтыгы чагылдырылган. Иштин апробацияланышы талаптарга ылайык жүргүзүлгөн. Педагогикалык тажрыйбанын жүрүшү жана жыйынтыктары таблицаларда чагылдырылып тыянакталган.

Диссертациядагы илимий концепциялар, теориялык ойлор мектептерде кыргыз адабиятын окутуу процессин жаңы деңгээлге көтөрүүгө салым кошуу менен **төмөнкүлөрдү камсыз кылат:**

1. Ч.Айтматовдун чыгармаларындагы окутуу тарбиялоо маселелериндеги инсан жана аны инсандык сапатка калыптандыруу абалы иликтенген.
2. Мектептерде окулуп келе жаткан кыргыз адабияты курсундагы Ч.Айтматовдун чыгармаларын окутуп тарбиялоодогу таалим - тарбия берүүнүн каражаттары менен методдору системага салынган, алардын ички байланыштары мисалдар менен далилденген.
3. Ч.Айтматовдун чыгармаларынын негизинде мектеп балдарына инсандык тарбия берүүнүн модели түзүлгөн.
4. Сунуш кылынган методикалык система педагогикалык сынактар аркылуу текшерүүдөн өткөрүлгөн.

Изилдөөнүн корутунду-сунуштары ишенимдүү жасалган, алар коюлган милдеттердин чечилишине баш ийдирилген.

Диссертацияда берилген илимий жоболор, жыйынтыктар жана сунуштар бир кыйла жакшы деңгээлде негизделген. Автор мектеп практикасы менен

тааныш экендигин жана аларды диссертациясында колдонууга аракет кылгандыгын көрсөтө алган.

Автореферат диссертациянын негизги мазмунуна, илимий натыйжаларына жана жыйынтыктарына толугу менен дал келет.

Жарыяланган эмгектердин саны -19 жана алар диссертациянын мазмунун камтыйт, ЖАК талап кылган басылмаларда жарыяланган.

Эмгек боюнча айрым бир **кемчиликтерди жана сунуштарды** айта кетүү зарыл деп эсептейбиз. Алар:

1. Иште орфографиялык жана пунктуациялык каталар кездешет.
2. Иштин 42-52-70-64-86-беттеринде көрсөтүлгөн шилтемелер талапка ылыйык берилген эмес.
3. Иштин 142-144-145-беттериндеги пайдаланылган адабияттардын тизмеси алфавиттик тартипте жайгаштырылган эмес.

Бул айтылгандар диссертациянын илимий методикалык аппаратына, түзүлүшүнө, жалпы мазмунуна таасирин тийгизбейт.

Жыйынтыктап айтканда, Ж.К. Тажибаеванын « Ч. Айтматовдун чыгармаларындагы инсанды калыптандыруу идеялары жана аларды адабият сабагында окутуп-үйрөтүүнүн илимий методикалык негиздери» аттуу диссертациясы Кыргыз Республикасынын Жогорку аттестациялык комиссиясы тарабынан кандидаттык диссертациялык иштерге коюлган бардык талаптарга жооп берет, ал эми диссертант 13.00.02 – окутуунун жана тарбиялоонун теориясы менен методикасы (кыргыз адабиты) педагогика илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын алууга татыктуу.

***Расмий оппонент, Адам университетинин***
***Гуманитардык жана фундаменталдык***
***дисциплиналар департаментинин жетекчиси,***
***педагогика илимдеринин кандидаты*** ***Абдыкадырова М.Б.***

Дата поступления отзыва в ДС 08.01.2018г

Верно